# Резюме



**Аты-жөнү :** Жумакадырова Нуркыз Жумакадыровна

**Туулган жылы , айы:** 27.05.1997

**Улуту:** Кыргыз

**Бүткөн окуу жайы:** ЫМУ пед фак

**Кесиби :** Башталгыч класстын мугалими

**Иштеген жери :** Ж.Ашымов атындагы Арал орто мектеби

**Эмгек стажы:**

**Тил билиши :** кыргыз,орус, англис тил

**Максаты:** «Мугалим» деген атты татыктуу алып жүргөн алдынкы тажрыйбалуу адис болууга умтулуу

**Үй бүлөлүк абалы:** Үй-бүлөлүү, эки баланын энеси

Сканировано с CamScanner

# Жаш адис

## Жумакадырова Нуркыз Жумакадыровна



# Насаатчы

## Ибраева Гүлмира Бекбоевна



Сканировано с CamScanner

# Резюме



**Аты-жөнү :** Ибраева Гүлмира Бекбоевна

**Туулган жылы , айы:** 1962.24.09

**Улуту:** Кыргыз

**Бүткөн окуу жайы:** Каракол Мамлекеттик Педагогикалык Институту

**Билими :** Жогорку

**Кесиби :** Башталгыч класстын мугалими

**Иштеген жери :** Ж.Ашымов атындагы Арал орто мектеби

**Эмгек стажы:** 31 жыл

**Тил билиши :** кыргыз,орус

**Квалификациялык категориясы:** Жогорку

**Сыйлыктары:** Райондук, Областык. Билим берүү министирлигинин ардак грамотасы, Эл агартуунун отличниги, «Устат» категориясындагы мугалим

Сканировано с CamScanner

"Бекитемин"

Мектеп директорунун милдетин аткаруучу: Джаналиева Э.Э

__________________ 2022-жыл

**Ж.Ашымов атындагы №20 "Арал" жалпы орто билим берүү мектебинин жаш мугалими Жумакадырова Нуркыздын насаатчы мугалим Ибраева Гүлмира менен иштөөнүн перспективалык планы**

| Айлар | 1 - жыл | 2 - жыл | 3 - жыл |
|---|---|---|---|
| Сентябрь | 1.Класстык иш кагаздарды, жол жоболоштуруу (Оформление).<br>2.Мугалимдин сабакка даярданышы. (тематикалык сабактын планын түзүү) | 1.Окутууну уюштуруу формалары жана методдору<br>2.Насаатчынын сабактарына катышуу | 1.Мугалимдин сабакка даярдануусу<br>2.Өзүнүн коллегияларынын сабагына катышуу |
| Октябрь-Ноябрь | 1.Жаш мугалимге билим берүү процессинин технологиялык картасын түзүүгө үйрөтүү<br>2.Метод бирикмедеги мугалимдердин сабагына катышуу. | 1.«Билим берүүнү дифференциялоо» маселелерин теориялык жактан үйрөнүү | «Азыркы жаны технологияларды пайдалануу» маселелерин үйрөнүү |
| Декабрь – январь | 1.«Азыркы учурдагы сабакка коюлуучу талаптар»деген маселелерди теориялык жактан үйрөнүү<br>2.Сабакты анализдөөгө жана өзүн-өзү анализдөөгө үйрөтүү | 1.Баа жана баалоо<br>2.Мугалимдердин сабагына катышуу | 1Окууга кызыктыруу жана билим алуу зарылдыгын кантип окуучуларга жеткирсе болот<br>2.Азыркы учурдагы сабакка коюлган талап |
| Февраль | Метод бирикмедеги мугалимдердин сабагына катышуу | 1.Стандартуу эмес сабактар<br>2.Жаш мугалимдердин сабагына катышуу | 1Окуу процессинде окуучуларга болгон дифференциялдык жана индивидуалдык мамиле<br>2.Жаш мугалимдердин сабагына катышуу |
| Март | Окутуу кесибинин типологиясы (өз билимин өркүндөтүү) | 1.«Жаш мугалимдер үчүн ачык сабактардын жумалыгы»<br>2.Ата-энелер бирөнүн өздүк билимин көтөрүү | 1.Жаш мугалимдердин ачык сабактары<br>2.Мугалимдердин ишиндеги педагогикалык чеберчиликтерди өркүндөтүү |
| Апрель | 1.Жаш мугалимдер окуп, үйрөнгөн методикалык, педагогикалык адабияттар боюнча «Тегерек стол» уюштуруу | 1.Окуучулардын жетишпеген себебин табуу жолдору<br>2.Аларды кантип жойсо болот<br>3.Жаш мугалимдин ачык сабактары | 1.Алгачкы иш жылдардагы материалдарды темалар, багыттар боюнча жалпылоо, жыйынтыктоо |
| Май | Бир жылдык иш жүргүзүүнүн жыйынтыгы | 1.«Тегерек стол» Методикалык, педагогикалык адабияттардын жанылыктары<br>2.Жаш мугалимдерге өздүк билимин өркүндөтүү | 1.Жаш мугалимдин Үч жылдык ишинин жыйынтыгын чыгаруу<br>2.Мүнөздөмөсүнн бекитүү |

Сканировано с CamScanner

## Жаш адистин насаатчылык мезгилдеги милдеттери

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү тууралуу” жана “Мугалимдин статусу” тууралуу мыйзамдарын окуп, өзүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү бардык мыйзамдык актыларды билип, мектептин иш-аракетиндеги өзгөчөлүктөр жана жеке кызматтык милдеттерин таануусу зарыл.

- Насаатчы менен бирге иш планын толтуруусу керек.

- Дайыма өз билимин өркүндөтүүгө аракет кылышы зарыл.

- Насаатчыдан инновациялык усулдарды, жаңы иштин формаларын үйрөнө алат.

- Өзүнүн маданий жана жалпы билим деңгээлин жогорулатууга далалат кылуусу керек.

- Насаатчы тарабынан иштелип чыккан иш планга ылайык өзүнүн отчетторун тапшырып туруусу зарыл.

## Жаш адистин укуктары:

- Насаатчыдан колдоо жана жардам алууга укуктуу.

-өзүнүн иштерин жакшыртуу боюнча мектеп администрациясынын талкуусуна сунуштарын айта алат;

- өзүнүн кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын сактоого укуктуу; 3

- өзүнүн иши боюнча түшкон арыз жана башка документтер менен таанышып, аларга түшүндүрмө бере алат;

- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатууга укуктуу;

- башка тарап кесиптик этиканын эрежелерин бузган учурда өзүнүн кызыкчылыктарын коргоого укуктуу;

- Насаатчы менен иштөөдөн баш тарта алат.



Сканировано с CamScanner

# Жаш адистин укуктары

-насаатчыдан колдоо жана жардам алууга

-өзүнүн иштерин жакшыртуу боюнча мектеп админстрациясынын талкуусуна сунуштарын айта алат

-өзүнүн кесиптик ар намысын жана кадыр-баркын сактоого укуктуу

-өзүнүн иши боюнча түшкөн арыз жана башка документтер менен таанышып, аларга түшүндүрмө бере алат

-өзүнүн кесиптик чебечилигин жогорулатууга укутуу

--башка тарап кесиптик этиканын эрежелерин бузган учурда өзүнүн кызыкчылыктарын коргоого укуктуу

- насаатчы менен иштөөдөн баш тарта алат

Сканировано с CamScanner

# Жаш мугалимдерге критерийлер

1. Педагогикалык багытты туура алышы башкара билүүсү менен өзүн-өзү башкара билүүсү
2. Сабакка карата керектүү материалдарды талдай билүүсү жана пайдалануусу
3. Сабактын максаттарын туура табуусу
4. Өз ара сабакка катышуусу өзүнө сабакка пайдалана билүүсү
5. Доклад талкуулар менен көпчүлүктүн астына чыгуусу
6. Окуучулардын билим сапаты
7. Коллектив менен өз ара мамилеси
8. Өзүнүн ишин өзү баалоосу
9. Дидактикалык көрсөтмө куралдарды жасоо

Сканировано с CamScanner

# Келечекте жаш мугалим кандай болушу керек?

*Келечектеги жаш мугалим мыкты касиетке ээ болгон адамдын жан дүйнөсү окуй билген кыраакы болуш керек. Ар бир окуучунун мүнөзүнө кызыгуусуна, билим деңгээлине, түшүнүгүнө карай мамиле кылып өзүнүн таасирдүү курч сөздөрү менен башка мугалимдер окуй албайт деп үмүтүн өчүр деп үмүтүн өчүргөн баланын да сезимин ойготуп сабакка болгон кызыгуусун арттыра билүүсү керек.*

*Же орустун улуу педагогу Сухомлинский айткандай «Эгер мугалим окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыра алышса, анда ал мугалим деген атка татыктуу» деп баса белгилеген кебине арзырлык деңгээлде болуусу зарыл.*

*«Мин күн баш көтөрбөй окугандан көрө бир кун билги мугалимден сабак ал» деп айтылат жапан макалында. Билги мугалимдин интеллектуалдык деңгээли жогору болуш керек.*

*Ал өзү ары жагынан тубаса педагог, өз кесибин жана окуучуларын сүйгөн эмгекчил, чыгармачыл деги койчу көптөгөн чымырканган эмгектин натыйжасында пайда болгон кесиптин ээси.*

Сканировано с CamScanner

## Насаатчы менен бирге иштеген мезгилде жаш адистин төмөнкүдөй милдеттери болот:

-Кыргыз Республикасынын «Билим берҮҮ жөнүндө», «Мугалимдин макамы жөнүндө» мыйзамдарын, ошондой эле өз ишмердигин, мектептин түзүмүн, иштөө өзөчөлүктөрүн жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченемдик актыларды окуп үйрөнүү:

Насаатчы менен иштешүү планын аткаруу:

Өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө үзгүлтүксүз иштөө:

Насаатчыдан жаны усулдарды жана иштөө усулдарын үйрөнүү

Өзүнүн жалпы билим жана маданий денгээлин өркүндөтүү:

Насаатчы менен бирге иштелип чыккан планга ылайык, өз ишмердиги жөнүндө отчет берип туруу:

Сканировано с CamScanner

## Жаш адистин төмөнкүдөй укуктары бар

Насаатчыдан жардам алуу

Өз ишин жакшыртуу боюнча сунуштарын мектеп жетекчилеринин кароосуна коюу

Кесиптик арнамысын кадыр-баркын коргоо

Өз ишине баа берген даттануулар жана башка документтер менен таанышып көрүү алар боюнча түшүндүрмө берүү

Өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу

Сканировано с CamScanner

# Сабактын критерийлери

1. Сабактын максатынын коюлушу
2. Сабактын структуралары
3. Материалды жеткиликтүү кабыл алуу үчүн жагдайдын активделиши
4. Сабакты материалдарынын сапаты
5. Материалдардын жаш өзгөчөлүгүно, билим деңгээлине туура келиши
6. Кызыктуу жана жеткиликтүү түшүндүрө алышы
7. Материалдардын тарбиялык мааниси
8. Илимий ой жүгүртүүсү
9. Ар бир окуучунун жеке өз<u>гөчөлүгүнө карата баалоо</u>
10. Мугалим сабакты окутуудагы тех каражаттарды колдонушу
11. Мугалимдин инсандык сапатынын тарбиялык мааниси
12. Сабактын максатына жетиши

Сканировано с CamScanner

# Сабакты талдоо

**Сабак-бул окуу тарбия процессин уюштуруунун негизги формасы экендиги белгилүү. Демек окуу процессин натыйжаларынын сапаты сабакты уюштуруунун денгээлинен көз кранды , ошондуктан талдоо дидактиканын негизги маселелеринен. Азыркы учурда сабакты талдоо маселелери боюнча дидактар, методисттер тарабынан ар кандай схемалар сунушталып мектеп практикасында калдонулуп келүүдө**

| № | Баалоо критерийлери | балл |
|---|---|---|
| 1 | Сабактын максаты (Максималдык балл-15 ар бир критерий боюнча 5ке чейин балл коюлат) | |
| 1.1 | Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана окуу программасына келиши | |
| 1.2 | Окутуунун үчтилик функциясы (Окутуучулук, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук) эсепке алынгандыгы | |
| 1.3 | Конкрентүү коюлгандыгы, окуучуларга түшүндүрүлгоКонкрентүү коюлгандыгы, окуучуларга түшүндүрүлгодүгү жана алар үчүн ачык-айкын, өлчөнгөндөй болушу | |
| 2 | Сабактын мазмуну (максималдык балл 15 ар бир критерий боюнча 5 ке чейин балл коюлат) | |
| 2.1 | Сабактын максатына ылайык келиши | |
| 2.2 | Дидактикалык принциптердин (илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, ансезимдуулук) ишке ашырылышы | |
| 2.3 | Практика менен байланыштырылышы | |
| 3 | Методдор жана усулдар (максималдык балл 15ке чейин ар бир критерий боюнча 5ке чейин балл коюлат) | |
| 3.1 | Сабактын максатына, окуп үйрөнүлүүчү материалдын мазмунуна ылайык келиши | |
| 3.2 | Окуучулардын өз алдынча иштөөсүно түрткү бериши, салыштыруу, анализдөө, синтездөө, классифкациялоо, жалпылоо, тыянак чыгаруу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталышы | |
| 3.3 | Окуучулардын иш-аракеттерин активдештирүүгө багытталышы | |
| 4 | Окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун формалары (максималдык балл-9 ар бир критерий боюнча 3 кө балл коюлат) | |
| 4.1 | Сбактын максатына жана мазмунуна ылайык келиши | |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| 4.2 | Окуу иштерин уюштуруунун жекче, жуптук, топтук жана фронталдык формаларынын оптималдуу айкалыштырлышы | |
| 4.3 | Он натыйжа алыш үчүн окуучулар өз ара кызматташа тургандай бири-бирине жардам бергендей кырдаалдын түзүлүшү | |
| 5 | Окутуунун каражаттары (Максималдык балл-9 ар бир критерий боюнча 3 кө чейин балл коюлат) | |
| 5.1 | Сабактын максатына жана мазмунуна ылайык келиши | |
| 5.2 | Сабактын ар түрдүү этаптарында орду менен колодонулушу | |
| 5.3 | Техникалык коопсуздук эрежелердин санитардыгигиеналык талаптардын сакталышы | |
| 6 | Үй тапшырмасы жана сабактын жыйынтыкталышы (Максималдык балл-9 ар бир критерий 3 кө чейин блл коюлат) | |
| 6.1 | Үй тапшырманын көломүнүн окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келиши жана аны аткарунун жол0жобосунун түшүндүрүлүшү | |
| 6.2 | Сабак учурунда окуучулардын иш-аракетинин жана алардын жетикендиктерини бааланышы | |
| 6.3 | Сабактын натыйжаларынын анын максаты менен салыштырылышы | |
| 7 | Мугалимдин педагогикалык маданияты жана окуткан предмети боюнча даярдыгынын денгээли (максималдык балл-9 ар бир криьтерий боюнча 3кө чейин балл коюлат) | |
| 7.1 | Окуучуларга жасаган мамилеси | |
| 7.2 | Сабакта өзүн алып жүрүүсү, сырткы көрүнүшү, сулөөсүнүн темпи, образдуулугу | |
| 7.3 | Өзүнүн предметинин мазмунун билиши | |
| 8 | Класстагы атмосфера (максималдык балл 9 ар бир критерий 3 кө чейин балл коюлат) | |
| 8.1 | Ар бир окуучунун активдүү, өз алдынча болуусуна мүмүндүк берүүчү шарттардын түзүлүшү | |
| 8.2 | Жооп берип жаткан окуучунун анын өздөштүрүү денгээлине карабастан урматтоо менен көнүл коюп угууга шарттардын түзүлүшү | |
| 8.3 | Окуучуларды мугалимдин мактоо сөздөр, жылмаюу, далыга таптоо, башынан сылоо менен кубаттоосу | |

Сканировано с CamScanner

# Педагогикалык эмгекти баалоонун негизги мүноздөмөсү.

## Анкета

Сабактын планында максат жана милдеттери тик даана көрсөтүлгөнбү?

Сабактын максаттары туура коюлганбы

Мугалим Окуучуларга алардын милдет максаттарын койгонбу

Окуучулардын өздөрүнө милдет максат коюуга көнүктүргөнбү?

Мугалим окутуунун ыкмаларын жана усулдарын тандай алабы?

Коюлган ыкмаларда жана усулдарды туура колдоно алабы?

Окуучулар өз алдынча окутуунун баалоонун усулдарынан колдоно алабы?

Мугалим көрсөтмө куралдарды колдонобу?

Аларды туура өз орду менен колдоно алабы?

Окуу планы азыркы талапка жооп береби?

Жазылган планга сабактын структурасы туура келеби?

Сабакты окуу учурундагы абалдарга карата өзгөртө алабы?

Ушунун негизинде өзүнүн сабагынан да өзгөртө алабы?

Мугалим сабактын элементтерин регламенттей алабы?

Иштин көлөмүн жана убакытты үнөмдөй алабы?

Сканировано с CamScanner

*Окуу сабагынын мөөнөтүн сактай алабы*_____

*Өзүнүн жана окуучунун убагын бөлүштүрө алабы*_____

*Окуучулар өздөрүнө бөлүнгөн убакытты туура колдоно алабы?*_____

*Мугалим өзүнүн жана окуучунун эмгегин эсептей алабы?*_____

*Өзүн эсептөө жана окуучуларын эсептөө системасы барбы?*_____

*Мугалим окуучулардын өзүн жана башкаларды баалоого үйрөткөнбү?*_____

*Мугалим өз эмгегин жана окуучунун эмгегин баалай алабы?*_____

*Мугалимде текшерүү жана өзүн текшерүү барбы?*_____

*Мугалим оптималдуу чечимдерди чыгара алабы?*_____

*Мугалим өзүнүн иш аракети үчүн жакшы шарт түзө алабы?*_____

*Ушунун баарына окуучуну үйрөткөнбү?*_____

*Мугалимде окуунун тематикалык планы барбы?*_____

*Ал азыркы талапка жооп береби?*_____

*Мугалим жакынкы, ортонку жана алыскы перспективаларын аныктай алабы?*_____

Сканировано с CamScanner

# Мугалимдин жөндөмдүүлүгү.

1. *Дидактикалык жөндөмдүүлүк- бул-окутуунун теориясы, методдору. Методикалык ыкмаларды мугалим канчалык деңгээлде билээри. Өтүлүүчү темаларда кандай көргөзмөлөрдү колдоно билүүсү.*
2. *Академиялык жөндөмдүүлүк-жалпы мугалим аттуунун бардыгы кесибине, предметине жараша билим жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу керек. Башка предметтер менен, адабий чыгармалар менен өз предметин байланыштыра билүүсү эң негизги болуп эсептелет.*
3. *Конструктивдик жөндөмдүүлүк- башкача айтканда окуучунун жетишпеген инсандык сапаттарын калыптандыруу жөндөмдүүлүгү. Окуучуда жок касиеттерди калыптандыруу, окуучулар өсүрүм курагында көп өзгөрүүлөргө дуушар болушат. Мугалимдин милдети муну оң жакка салу. Сабакты педагогикалык кызматташтыктын негизинде жүргүзүү. Ошондуктан жогору класстарда тарбиялык сааттын планын түзүүдө окуучулар менен макулдашуусу керек.*
4. *Коммуникативдик жөндөмдүүлүк-бул мугалим менен окуучулардын, мугалим менен ата-энелердин, окуучу менен окуучулардын жана окуучулар менен ата-энелердин ортосундагы мамилени туура жолго кое билүүсү.*
5. *Экспрессивдик (артисттик) жөндөмдүүлүк-башкача авйтканда мугалим өзүнүн оюн, үнүн, тилин, билимин, сезимдерин, тышкы көрүнүшү менен айкалыштыра билүүсү. Мындан тышкары дагы мугалимдин кийген кийими, жасаган прическасы, косметикасы жана бет булчундарынын өзгөрүшү б.а мимикасы да көпчүлүктүн туура кабыл алуусунда болушу керек. Аадемикалык жөндөмдүүлүккө караганда экспрессивдик жөндөмдүүлүк окуучуларга деги эле көпчүлүккө жугумдуу болот.*
6. *Перцептикалык жөндөмдүүлүк-бул мугалимдин байкагычтыгы. Өзүнүн касиеттери менен баланын ички дүйнөсүнө баш багуу. Бала эмнеге кызыгат, эмне жөнүндө ойлойт. Бул окуунун жана окутуунун жөндөмдүүлүктөрүн жогору көтөрө турган мугалимдин негизги жөндөмдүүлүктөрүнүн бири.*

Сканировано с CamScanner

## Билим берүү системасы беш бөлүмдөн турат.

1 Билим берүү мыйзамы
2 Концепсиядан
3 Окуу планы
4 Окуу программасынан
5 Окуу китептеринен

# Кыргыз Республикасынын Билим Берүү мыйзамы 2003-жылы 25-апрелде кабыл алынган

***Билим берүү деген эмне?***
***Инсанга мамлекет тарабынан билим берүү денгээлине жетишүү***

***Билим берүү программасы-конкреттүү бир денгээлдиги билим берүү мазмуну***

***Билим берүү процесси –бул мугалимдин түздөн түз катышуусу, ар кандай формада сабак өтүүсү билим берүү программасынын ишке ашыруусу***

***Стандарт-билим берүүдөгү программалардын мазмунун билим берүүнүн мимунун окуп жаткандарга окуу жүтөмүнүн чеги.***

## Били Берүү Закону

***1992-жылы 16-декабрда кабыл алынган 6 жана 49 статьядан бөлүмдөн турат***
***1-бөлүм Жалпы жоболор***
***2-бөлүм Билим берүү системасы***
***3. Окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин билим берүү системасындагы укуктары жана милдеттери***
***4-бөлүм Окуучуларды жана мугалимдерди социалдык жактан коргоо***
***5-бөлүм Билим берүү системасын башкаруу***

Сканировано с CamScanner

## …ндай болушу керек?

1. Окуучуга өз ишинин натыйжасын көрө тургандай тапшырма бер
2. Балдардын убактысын бекерге албоого аракеттен
3. Эгер бала жасаган кемчиликти көрсөн, өзүн жасаган кемчиликти ойлон
4. Окуучунун жетишкендигин убагындай баалай бил
5. Окуучунун тилегин үмүтүн баалай бил
6. Окуучу аткара турган ишти өзүн аткарба, зарыл болгон убакта биргелешип иште
7. Окуучулардын өнөргө үндөп эстетикалык табитин өстүрө бил
8. Өз алдынчалыкка, чыгармачылыкка үйрөтүү менен баланын ишмердигин актай бил
9. Окуучунун тилегин, үмүтүн колдой бил, аны менен чын дилден достош
10 Кемчилигиүчүн көпчүлүктүн көзүнчө жазалаба, акыл менен жол көргөз

11 Буйрук бергенден көрө, ынандырууга, түшүндүрүүгө аракеттен
12 Озүн-өзү башкарууга негиз берүү тарбиянын негизги куралы экенин бил
13 Убагында сын берүү, туура , мээримдүү мамиле кемчиликти оңдоонун куралы
14 Окуучулар менен келишип чечимге келүү көп мааниге ээ экенин түшүн
15 Окуучудагы көп кемчиликти балалыгы деп эсептеп туура багыт бер
16 Өз жумушунду жан багуунун камы деп ойлобо, жумуш ордунда өзүндү бактылуу, чыгармачыл адаммын деп эсепте
17 Ачууланганда ачуун узакка созулбасын, тез унутууга аракеттен
18 Окуучунун кээ бир кемчилигин байкамаксан бол
19 Эмгегим жемиштүү болсун деп талбай эмгектен
20 Жакшы мугалим болом десен, изденүү менен талыкпай эмгектен
21 Окуучунун мүнөзүндөгү кемчиликке өзөчө көнүл буруп такыйбербе
22 Окуучу менен иштөөдө өзүндү жетекчи эмес, акыл кошуучу катары эсепте
23 Сарамжалдуулук, боорукерлик, ыймандуулукту өзүнө калыптандырууга аракеттен
24 Нускалуу маек куруп, акыл берметтерине мани берип уга билүүсүнө өрнөк түз
25 Өзүн өзгөлөргө үлгү бол
26 Талантты өнөрдү туура баамдап, талантка жол ачууга өбөлгө түз

Окуучунун катасын талдоодо этика менен айт, катасын өзү тапсын

Сканировано с CamScanner

**Мугалимдин тагил же бул иш-аракеттерин прициптерин аныктоо мугалимге эмне берет**

Бул толук нерсени бөлүктөргө бөлүү-ушул майда элементтер менен толдук бүтүн нерсени талдап аныктоого болот. Мындай критерийлердин жардамы менген мугалимдин иш-аракетин толук аныктоого болот. Биз мугалимдин иш-аракетин толук аныктаганда гана ал мугалим кандай экенин билебиз.

Бул баалоолордун чейрек ичинде 2-3 жолу жүргүзүү керек. Мугалим бат эле ийгиликке жетише албайт, ошондуктан ар бир баалоонун этабында талапты да уламдан улам жогорулатып туру керек. Ушунун негизинде мугалим кандайдыр бир максатка жеткенин сабагынан күчтүү жана чабал жактарын кайсы жерде өзгөртүү же жоюу керектигин аныктай алышы керек. Мугалим эн биринчи өзүнүн сабагынын уюштуруу деңгээлин иш-аракетиндеги уютуруунун башка жагдайларына да таба билүүгө жөндөмдүү болуусу керек.

Сканировано с CamScanner

- Сөздөрдүн маанисин түшүнөт.
- Сүрөт аркылуу сүйлөшөт.
- Турмушундагы сөздөрдү өз кебинде колдонот
- Кыска муунду сөздөрдү таап сүйлөм түзө алат
- Сөздөрдөгү муундарды алмаштыра алат.
- Сөздөн сөз жасай алат.
- Сөздөрдүн мааниси боюнча чечмелеп бере алышат.
- Сүйлөмдөн өзөктүү сөздөрдү таба алышат.
- Оозеки сүйлөөдө сөздөрдүн ордун туура кое алышат.
- Макал-лакап накыл сөздөрдү айтып бере алышат.
- Текстен образдуу сөздөрдү таба алышат.
- Уйкаш сөздөрдөн ырларды жарата алышат.
- Окуган сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп, өз кебинде колдоно алышат.
- Сүрөт боюнча ангеме же жомок түзө алышат.
- Чыгармаларды өз оюу менен уланта алышат. (Тексттин жарымын угуп, калганын улантуу)
- Табышмак макал-лакаптардын маанисин чечмелей алышат.

Сканировано с CamScanner